"Бекитемин"
мектеп директору
Абсаматова Н.А.

# Ү.Жумабаев атындагы Кара-Дөбө орто мектебинин Педкеңештин жобосу

## Мазмуну

1. Жалпы жобо.
2. Нормативдүү сылкалар.
3. Педагогикалык кеңештин компетенциясы.
4. Педагогикалык кеңештин түзүүнүн эрежеси жана анын мүчөлөрү.
5. Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алуусу.
6. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн укугу жана милдеттери.
7. Педагогикалык кеңештин документтери.
8. Педагогикалык кеңештин жобосу менен тааныштыруу баракчасы.

1. **Жалпы жобо**

1.1 Педагогикалык кеңеш К.Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык колледжинин (мындан ары НПК) педагогикалык кеңештин мамлекеттик кесиптик билим берүү мекемесинин коллегиалдуу органы болуп эсептелет.

1.2 Педагогикалык кеңеш НПКнын Уставынын негизинде түзүлөт жана иш алып барат.

1.3 НПКнын педагогикалык кеңешин дайыма иштеп алып барган коллегиалдуу орган.

2. **Нормативдүү сылкалар**

2.1 Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына, өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин токтом, чечим жана буйруктарына, колледждин уставына жана ушул жобого ылайык иш алып барат.

3. **Педагогикалык кеңеш тин компетенциясы.**

3.1Педагогикалык кеңеш окуу прцессинин өнүктүрүүгө жаңы иновациялык билим берүү максатында иш алып барат.

3.2 Педагогикалык кеңештин компетенциясына төмөнкү суроолорду чечүү кирет;

- Окуу процессинин методологиялык жактан камсыз болушу жана уюштурулушу;
- Окуу программаларын карап чыгуу жана кабыл алуу;
- Ушул жобого, лицензиянын жана аккредитациянын талаптарына ылайык окуу процессин уюштурулушун жана камсыз болушун карайт;
- Азыркы мыйзамдын негизинде каралган кээ бир категориядагы студенттерге кошумча льгот жана материалдык жардамдардын өз убагында берилишин кароо;
- Студенттердин жетишүүсүн, жыйынтыктоочу жана аралык аттестациянын жыйынтыктарын, студенттердин жыйынтыктоочу мониторинг анализдөөнүн негизинде

билимдеринин көрсөтүлүшүн жыйынтыктаган көзөмөлдөөнү кароо;

- Колледждин жана методикалык бирикмелердин ишмердүүлүктөрүн жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууну кароо;

3.3 Кичине педагогикалык кеңештин компетентүүлүгү

- Окуу тарбия иштеринин, күндүзгү жана сырттан окуу формаларынын жакшыртылышы, теориялык жана практикалык окутуунун байланыштарынын күчөтүлүшү, кураторлордун циклдык комиссиялардын иштеринин ал ахвалы жөнүндөгү талкууну кароо;
- Студенттердин семестр жана окуу жылы учурунда жетишпей калышынын себептерин, табуу жана корректировкалоочу иш чараларды өткөрүүнү кароо;
- Курстук иштерди, аралык аттестацияларды, мамлекеттик диплом алдындагы практикага киргизүү жанааны өткөрүү мөөнөтүбоюнча иш-чараларды талкулоо жана бекитүүнү;
- Студенттердин жетишпегендиги жана окуу дисциплинасы үчүн тартип бузгандыгы боюнча окуудан чыгаруу жана кээ бир учурларда чыгып калган студенттерди кайра киргизүү боюнча суроолорду кароо;
- Өз убагындагы көзөмөлдөөнүн негизинде алдын ала студенттердин билиминин, көндүмдөрүнүн, билгичтиктерин сапатын чыгаруу;
- Окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүү максатында биринчи курстардын студенттеринин окуу жайга адаптация болушуна анализ жүргүзүү;
- Окуу документтерин көзөмөлдөө;

## 4. Педагогикалык кеңешти түзүү жана анын мүчөлөрү.

4.1 Педагогикалык кеңешке директор, анын орун басарлары, андан сырткары педагогикалык кызматкерлер ж.б.кирет.

4.2 Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп НПКнын директору эсептелинет.

4.3 Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен ачык добуш менен катчы шайланып алынат жана ал коомдук башталышта иштейт.

4.4 Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп колледждин директору же орун басары.

4.5 Педагогикалык кеңештин кичине мүчөлөрү анын темасына жараша аныкталат. Сөзсүз мүчөлөрү болуп директордун орун басарлары бөлүм башчылар, педагогикалык практиканын башчысы, циклдык комиссиялардын төрагалары, дене тарбия жана аскер жетекчилери, класс жетекчилер (кураторлор) жана башка кызыккан тараптар кирет.

4.6 Педагогикалык кеңештин кичине мүчөлөрүнүн арасынан ачык добуш менен катчы шайланып, ал коомдук башталышта иш алып барат.

5. **Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алган чечимдери**.

5.1 Педагогикалык кеңеш бир айдан кем эмес убакта өзүнүн отурумуна чогулушат. Педагогикалык кеңеште анын 50%тен ашык мүчөлөрү катышса ал отурумду өткөрүүгө укуктуу болуп эсептелинет.

5.2 Педагогикалык кеңеш колледждин дайыма иш алып баруучу коллегиалдуу органы болгондуктан мөөнөтсүз мүчөлүккө акылуу.

5.3 Педагогикалык кеңеш ачык добуш менен чечимдерди кабыл алат жана чечимдери токтом аркылуу тастыкталат. Педагогикалык кеңештин чечими эгерде ага катышкан Педагогикалык кеңештин көпчүлүк мүчөлөрү добуш берсе кабыл алынды деп эсептелинет.

5.4 Педагогикалык кеңеш төраганын же Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгүнүн инициативасынын негизинде чогулушу мүмкүн.

5.5 Педагогикалык кеңештин отурумунда катышуусу мүмкүн:

- Колледждин Педагогикалык кеңешинин мүчөсү болбогон кызматкерлери;
- Колледж менен граждандык- укуктук келишим мене иш алып барган атуулдар.
- Педагогикалык кеңештин макулдугу менен студенттер, студенттердин ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү)
- Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү жана социалдык партнерлор;
- Өзүнчө чакырылган өкүлдөр.

5.6 Кичине педагогикалык кеңешменин иши семестрдин жыйынтыгын аякташында өткөрүлөт.

5.7 Кичине педагогикалык кеңешменин чечими колледж боюнча буйрук чыгарууга негиз болот.

5.8 Кичине педагогикалык кеңеш башкаруунун жана дисциплинардык чечим кабыл алууга укуктуу. Чечим жөнөкөй көпчүлүк добуштун негизинде кабыл алынат.

5.9 Бирдей добуш болуп калса төраганын добушу чечүүчү добуш болуп саналат. Кичи педагогикалык кеңештин чечими менен колледждин жетекчисининмакулдугу дал келбей калса, жетекчи а педагогикалык кеңештин иш аркетин токтотуп кайра кароо үчүн педагогикалык кеңешке кайтарат. Педагогикалык кеңештин чечими колледждин жетекчисинин буйругу чыккан убактан кийин күчүнө кирет.

5.10 Педагогикалык кеңештин чечими боюнча наразычылыкты КР мыйзамдары аркылуу каралат

**6. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери жана укуктары.**

6.1 Педагогикалык кеңештин ар бир мүчөлөрү педагогикалык кеңештин каралуучу маселелери боюча талкууга катышууга укугу бар жана педагогикалык кеңештин талкуусуна өзүн кызыктырган колледждин өнүгүүсүнө тиешеси бар маселелерди сунуштоого .

6.2 Ар бир педагогикалык кеңештин мүчөлөрү бардык отурумуна катышууга, анын ишине активдүү катышууга жана ага жүктөлгөн тапшырмаларды өз убагында так аткарууга милдетүү.

**7. Педагогикалык кеңештин документтери.**

7.1Педагогикалык кеңештин отуруму токтом менен тастыкталып,ага төрага жана катчы кол койот.Ар бир протоколго анын номери,отурум өткөн кун, катышкандардын саны, күн тартиби жана талкууланган маселе боюнча кабыл алынган чечим.

7.2Педагогикалык кеңеш токтомдору архивде 5жылга чейин сакталат.

7.3Кичине педагогикалык кеңеш отурумдары токтом менен тастыкталып, ага төрага жана катчы кол коет, ал келледж боюнча буйрук чугаруу үчүн негиз болуп эсептелет.

7.4 Кичине педагогикалык кеңештин токтомдору архивде 5жылга чейин сакталат.